УДК: 811. 111 – 047.37

Сегизбаева Г.Р., Калдыбаева Д.И
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АНГЛИС ТИЛИН ҮЙРӨНҮҮДӨ КАТАЛАР ЖАНА ТИЛДИ ТУУРА, ЭФФЕКТИВДҮҮ ҮЙРӨНҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

*Эмне үчүн көп адамдар 6-7 жыл англис тилин окуп, бирок чет тилинде сүйлөгөн адамдарды түшүнүшпөйт жана чет тилде сүйлөй алышпайт? Бул макалада англис тилин үйрөнүүдө кээ бир ката нерселер жана туура, эффективдүү үйрөнүүнүн жолдору тууралуу айтылат.*

*Why can't many people understand foreign speech and speak foreign language, although they have learned foreign language for 6-7 years ?In this article it is written about wrong things which people do while they are learning foreign language and some effective ways of learning foreign language.*

Көп кишилер орто мектепте окуп жүргөндө англис тилин окушкан, бирок эмне үчүн алар англисче сүйлөгөндү билишпейт? Буга эмне күнөлүү? Мугалимдердин профессионалдуу эместигиби, мектеп программасынын кемчиликтериби же тилге жөндөмдүү эместигиби? Эмне үчүн мектепте жана жогорку окуу жайында окуган жылдар практикалык натыйжа берген жок? Оозеки кепти түшүнүшпөйт, жазылган тексттерди окуп которо алышпайт жана жөнөкөй оюн билдире алышпайт. Көбүнчө мурунку эски метод күнөөлүү деп эсептелинет. Азыр англис тилин үйрөтүүдө коммуникативдүү метод колдонулуп жатат.

Биз бул макалада англис тилин үйрөнүүдө кээ бир ката нерселер жана туура, эффективдүү үйрөнүүнүн жолдору тууралуу айтып беребиз.

Англис тилин окуп баштап жатып, ал жөнүндө милдет катары эмес, англис тилин, адис болгондо силерди материалдык, руханий жактан байыта турган кызыктуу саякат катары кабыл алгыла. Азыркы учурда чет тилин билүү ар бир кишиге керектүү нерсе болуп калды: чет өлкөгө барганда өзүңдү эркин сезүү үчүн, окууда, илимий изилдөөлөрдө, жумушта, ал эмес күнүмдүк жашоодо–дары-дармек, техниканын инструкцияларын окууда жана баарыбыз эле колдонуп жаткан компьютер жана Интернетти колдонууда. Азыр чет тилди үйрөнүү көпчүлүк адамдарга оңой болуп калды, анткени ар кандай курстар, жеке сабактар жана Интернеттеги онлайн курстар бар. Бирок жакшы натыйжага жетиш үчүн окуу процессин туура түзүш керек.

***Тилди үйрөнүүдө кээ бир каталар.***

1. Абдан чоң үмүттөр.

Кээ бир кишилер курстарга барып баштасам эле 1-2 айда үйрөнүп кетем деп ойлошот. Бирок кыска убакытта чет тилди үйрөнүү абдан кыйын. Англис тилинде орточо сүйлөп калуу үчүн жок дегенде 1 жыл интенсивдүү окуш керек.

2. Максатты туура эмес коюу.

Эгерде силер англис тилин үйрөнүүдө алдыңарга так максат койбосоңор, тилди үйрөнө албайсыңар. Тилди үйрөнүүдө чоң мотивация керек. Чыныгы максат–бул жакшы, перспективдүү жумуш табуу, квалификацияны жогорулатуу же өзгөртүү, кадыр-барктуу окуу жайга тапшыруу (мисалы, чет өлкөгө), саякаттоо үчүн тилди үйрөнүү.

3. Грамматикага көп көңүл буруу.

Бул эң популярдуу метод. Изилдөөлөргө таянсак, грамматиканы активдүү үйрөнүү сүйлөө жөндөмдүүлүгүнө терс таасирин тийгизет экен. Реалдуу убакта сүйлөшүү чоң ылдамдыкка ээ, ошондуктан сүйлөшщп жатканда силер жаттаган гамматикалык эрежелерди эстегенге убакыт жетпейт. Ошондуктан англис тилин үйрөнүүдө грамматиканы интуитивдүү түшүнүү менен окуш керек.

4. Китептер боюнча жалаң гана официалдуу англис тилин үйрөнүү.

Эгерде сиз тест тапшыруу үчүн англис тилин окуп жатсаңыз, анда бул метод жакшы,

бирок эгерде сиз жөн гана сүйлөшкөнгө же билимиңизди жогорулатуу үчүн англис тилин үйрөнүп жатсаңыз, официалдуу методдон башка дагы методдорду колдонууну унутпаңыз. Жакшы ийгиликке жетишүү үчүн идиома, фразеологизм жана дагы сленгди (оозеки тил, адабий эмес) үйрөнүүнү унутпаңыз.

5. Идеалга умтулуу.

Мугалимдер жана окуучулар каталарга көп көңүл бурушуп, абдан капа болушат. Бирок ал эмес тил алып жүрүүчүлөр дагы кээде ката менен сүйлөөрүн унутпаңыздар. Негативдүү нерселерге токтобостон, тил үйрөнүү, сүйлөшүү процессине көбүрөөк көңүл буруңуздар.

6. Репетитор менен мектептерге үмүт.

Көп кишилер тил үйрөнүп жатканда окутуучуларга жана курстарга таянып же жоопкерчиликти оодарып салышат. Бул туура эмес. Эң биринчи иретте баары силерге байланыштуу. Жакшы репетитор сизге жардам берет, бирок сиз өзүңүз талыкпай эмгектенишиңиз керек. Сиз гана өзүңүздү жоопкерчиликтүү окута аласыз.

7. Айрым (өзүнчө бөлөк) сөздөрдү жаттоо.

Өзүнчө лексикалык бирдиктерди жаттоонун ордуна даяр фразаларды эстеп калуу керек. Буга китеп окуу абдан жардам берет.

8. Өтүлгөн материалдарды аз бышыктоо.

Бүт тилдерди үйрөнүүдө “азыраак, бирок сапаттуу” деген принципти колдонуу керек. Эгерде кечээ жаттаган фразаны бир айдан кийин эстеп калам десеңиз, сиз жаңылышасыз. Колдонулбаган информацияны сиздин мээңиз чыгарып салат. Өтүлгөн материалды кандайдыр бир интервал менен кайталап турсаңыз, эң сонун болот. Мындай методика сиздин эс тутумуңузда алган билимиңизди көпкө сактап, керек учурда кыйынчылыксыз колдонууга жардам берет.

9. Уюштурулгандык, тартип жоктук.

Эгерде сиз сабак калтырсаңыз, кандайдыр бир методиканын жоктугу, репетиторлор көп алмашса, анда тилди бат жана сапаттуу үйрөнө албайсыз. Биринчиден, өзүңүздүн убактыңызды туура пландаштырышыңыз керек. Эгерде өз алдынча тил үйрөнүп жатсаңыз, анда сабактар жумасына 3-4 сабактан кем эмес болушу керек.

10. Так айтууга көңүл бөлбөгөндүк.

Кыргыз жана англис тилдеринин сөздөрү, тыбыштары абдан айырмаланарын бүт баары билет. Сиз грамматиканы абдан жакшы билип, лексикалык запасыңыз жакшы болуп, алган билимиңиз практикада жакшы колдонуп, бирок абдан жаман акцент менен сүйлөшүңүз мүмкүн. Буга себеп көп нерсе болушу мүмкүн: жаман репетиторду тандоо, так айтууга көп убакыт бөлбөгөндүк, аудио курстарды өтпөө, англис тилинде аз сүйлөшүү ж.б. Бирок эсиңизден чыгарбаңыз, эгерде башынан бул проблемага көңүл бурбасаңыз, убакыт өткөн сайын чечүү оор болуп калат.

11. Англис тилинде аз окугандык.

Ооба, англисче газета, журналдарды, китептерди окуу оор. Окуган ар бир сөздү түшүнүү керек эмес. Контекст боюнча лексикалык бирдиктин маанисин аныктап, тексттин кыскача мазмунун билүү маанилүү. Дайыма окусаңыз, лексикалык запасыңызды кеңейтесиз жана өзүңүздүн сүйлөө речиңизди туура түзө аласыз. Өзүңүз байкабай эле англис тилинин грамматикасынын ондогон эрежесин билип аласыз.

Жыйынтыгында айтаар элек, англис тилин үйрөнүүнүн чокусуна жетүү жолунда көптөгөн каталар болот. Бирок мындай каталарды эчтеке жасабаган эле адам кылбайт. Ушул кемчиликтерди көрсөтө ала турган тажрыйбалуу компетенттүү окутуучу жардам берсе, эң сонун болот. Өз алдынча тил үйрөнүүгө болот, бирок ал көбүрөөк убакыт талап кылат.

**Адабияттар:**

1. Артемов В.А. Пс Беляев Б.В. Очерки по психологии обучения иностранному языку. -М.: Просвещение, 1965.
2. Ауэрбах Т.Д. Зачем и как изучать иностранный язык. -М.: Знание,1961.
3. Деркач А.А., Щербак С.Ф. Педагогическая эвристика: искусство овладения иностранным языком. -М.: Педагогика, 1991.